**О.Э. Капалбаевдин «Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)» 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору илимий даражасына талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасына**

# ПИКИР

О.Э. Капалбаевдин карап чыккан илимий маселеси кыргыз этнология илиминде абдан аз изилденген кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө, этнология илиминдеги ээлеген ордуна жана ролуна арналып жазылган. Тандалып алынган тема И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде талкууланган жана бекитилген. Көрсөтүлгөн маселенин актуалдуулугу эч кандай күмөн санооону жаратпайт. Кыргыздар мал чарбачылык менен кесиптенген эл. Этнографияда мал чарбачылыгынын көчү цикли, өзгөчөлүктөрү ж.б. бардык багыттары боюнча атайын изилдөөлөр жүрө элек. Кыргыздардын негизги кол өнөрчүлүгү жыгаччылык, тери иштетүү, жүндү иштетүү ж.б. болуп эсептелет. Булардын ичинен жыгаччылык кенен изилденген. Демек, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүн, анын маанисин так жана туура түшүнүү үчүн жогорудагы аталган маселелер боюнча комплекстүү илимий изилдөөлөр жүргүзүлүшү зарыл.

Ар бир этностун өзүнө таандык, өзү жараткан, башка элдердин маданиятына окшобогон же болбосо, этногенетикалык жактан жакын этностордо жаралышы мүмкүн болгон жана аны миңдеген жылдар бою кастарлап, көздүн карегиндей сактап, өнүктүрүп, барктап, аны ар тараптан тереңдетип жана кеңейтип, кийинки муундарга ата-бабалардын мурасы катары калтырып кеткен маданияты болот. Ал маданият элдин өзүн-өзү таануусун (идентификациясын) калыптандырат, этностук тарыхый жана маданий эс-тутумунун бирдей жана бекем өнүгүшүнө шарт түзөт.

Мурунку муундар өзүлөрүн курчап турган айлана-чөйрөнү, жаныбарларды сарамжалдуулук жана билгичтик менен пайдаланылып, эмгек курал-жарактары, эмеректери, алардын мыкты жана жогорку чеберчиликте жасалышы, ошону менен бирге этностордун өзгөчөлөнгөн материалдык маданиятынын пайда болушу жана өнүгүшү, элдин калың катмарында жылуу жана даңктана турган сезимди пайда кылган. Ал сезимдер да, өз кезегинде этностун маданиятынын терең жана бай баалуулугу жөнүндө тарыхый эс-тутумду бекемдейт.

Кыргыз этносунда, көптөгөн башка жаратмандыктар менен бирдикте, сыймыктануу сезимдерди пайда кылган материалдык маданияттын түрлөрүнүн бири, бул колдогу малдын жана кун жаныбарларынын терилерин билгичтик жана сарамжалдуулук менен күнүмдүк жашоо-турмушта кеңири иштетүүсү, пайдалануу чеберчилиги жана ага байланыштуу жүздөгөн жылдары бою калыптанып келген бай салт-санаасы болуп эсептелет.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу далилдүү берилип, максаты жана милдеттери так аныкталып, илимий жаңылыгы тизмектелип, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору көрсөтүлгөн. Иштин түзүлүшү жана мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптары менен жазылган.

Теманын изилдөө деңгээли, методологиялык ыкмалары, тарыхый булактары жана тарых наамасы өзүнчө бапта берилген. Бул жерде изилдөөчү тарабынан тарыхый булактарга, совет мезгилине чейин, совет мезгилиндеги, постсоветтик мезгилде жарык көргөн тарыхый адабияттарга жана чет элдик эмгектерге кенен талдоолор жүргүзүлгөн. Иштин главаларында көрсөтүлүп жаткан өздүк талаа материалдары булактык базанын негизин түзгөндүгү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн жүрүшүндө колдонулган медотологиялык ыкмалар этнографиялык, антропологиялык, искусство таануучулук жана маданият таануучулук илиминдеги жетишкендиктердин бири катары белгиленген.

Иштин негизги мазмуну бири-бирин ырааттуу толуктаган баптардан турат. Изилдөөнүн башында кыргыздардын териден жасалган буюмдарынын аталыштарын семиотикалык-семантикалык изилдөө ыкмасында этимологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшү, буюм аталыштарына жана анын себептерине токтолушу, теринин ар кандай сапаттагы түрлөрүнүн жасалып чыгышын көрсөтүү, башка түрк тилдүү тектеш этностордогу тери иштетүүдөгү салттуу окшоштуктарды табышы жана аларды кыргыздардын тери иштетүүдөгү ыкмалары менен салыштырылышы, ошону менен бирге алардын этногенентикалык байланыштарын табышы илимий иштин баалуугун арттырган жана автордун ийгиликтери жана жетишкендиги катары баалайм. Буга кошумча, автор тери кийимдеринин жасалыш ыкмасына, формасына жана механизмине гана токтолбостон, аларды кийип жүрүү маданиятына жана алардын коомдогу алган орду тууралуу ой-толгоосу колдоого татырлык. Илимде көтөргөн жана изилденген проблеманы классификацияга бөлүштүрүүгө жетишкендиги, ал эмгектин үзүрлүү жана ийгиликтүү болгондугун түшүндүрөт. Автор териден жасалган кийимдердин жана аларды даярдоо жүрүмүн классификациялоо аракети, анын алдына койгон маселени терең өздөштүргөнүнөн кабар берет.

Автордун тери кол өнөрчүлүгүн изилдөө менен бирге кыргыздардын ар бир жаныбарга, алардын ичинен жапайы айбанаттардын терилерине өзүнчө мамиле кылуусу, ата-бабаларыбыздын жаратылышка аяр мамиле кылышкандыгы катары көтөргөндүгү, азыркы илимий-техникалык жүрүмдүн (процесстин) мезгилинде бизди курчап турган флора менен фаунага этиат мамиле кылуубузду эскертет. Дегеле кыргыздардын жаратылышка аяр мамиле кылып, аны сактап, таза кармап, өстүрүп-өнүктүрүүгө кылган аракети кыргыз көчмөн цивилизациясынын бир көрүнүшү. Ушул маселенин өзүн изилдөө кыргыздардын жашоо философиясынын гумандуулугун да козгоп өтөт.

Автордун ийгиликтеринин бири, бул этнография илиминде изилдене элек теринин өрүм иштерине, анын кыргыз элинде аткарылышына, түрлөрүнө кенен токтолуусу, аны ар тараптан жана терең сүрөттөп берүүгө

аракет кылуусу болуп эсептелет. Ошону менен бирге кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюулар, түстөр жана алардын маанилери, көчмөндүн дүйнө таанымдарындагы ээлеген орду жана ролу белгиленген.

Изилдөөнүн бардык параграфтарынын аягында корутундулар берилип, жыйынтыкталган. иштин Корутунду бөлүмүндө жалпы илимий жыйынтыктар чыгарылып, тиешелүү сунуштар көрсөтүлгөн.

Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптарын эске алуу менен аткарылып, көптөгөн илимий-теориялык булактар жана өзүнүн жеке маалыматтары колдонулган. Изденүүчүнүн коргоого алып чыккан жоболору жана жеке салымдары ынанымдуу берилген.

О.Э. Капалбаевдин «Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)» деп аталган диссертациялык ишинин кол жазмасы менен кенен таанышып чыгып, ишти диссертациялык кеңештин жыйынында талдоого жана ачык коргоого уруксат берилсе болот деп эсептейм.

**Илимий консультант,**
**КР УИАнын академиги,**
**профессор** **А.А. Асанканов**